**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**КАРГАЛЫК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
721500 Казарман айылы Ж.Акимбаев көчөсү №81.
тел: (03738) 5 - 00 - 24

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРГАЛЫКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
721500 с. Казарман ул. Ж.Акимбаева №81.
факс: (03738) 5 - 00 - 24

**Каргалык айылдык кеңешинин кезексиз V сессиясынын**
**№ 26 ТОКТОМУ**

**19 - апрель 2024-жыл** **Казарман айылы**

**Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Тогуз - Торо районунун Каргалык айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Каргалык айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Тогуз - Торо районунун Каргалык айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Каргалык айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык кеңешинин кезексиз V сессиясы**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Каргалык айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.
2. Каргалык айылдык кеңешинин төрагасына жана Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысына Схемалык картага кол коюу тапшырылсын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы:** **Т.И.Токтоболотов.**